«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Көзөмөлчүлүк кеңешинин
төрагасы Б.Н. Нурунбетов
"_30_" – сентябрь_2023-ж

«БЕКИТЕМИН»
ОшМУнун ректору,
профессор К.Г. Кожобеков
"_30_" – сентябрь_2023-ж

**Ош мамлекеттик университетинин келишимдик негизде окугандар үчүн айрым категориялар боюнча окуу төлөмүнө жеңилдик берүү боюнча ЖОБОСУ**

I. Жалпы жобо
II. Жеңилдик берүүнүн тартиби
III. Жеңилдик алуу үчүн керектелүүчү документтер

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо Ош мамлекеттик университетинде келишимдик негизде окугандар үчүн айрым категориялар боюнча окуу төлөмүнөн жеңилдик берүү иш аракеттерин жөнгө салуучу бирдиктүү нормативдик документ болуп эсептелинет.

1.2. Ош мамлекеттик университетинде келишимдик негизде окугандар үчүн окуу төлөмүнөн жеңилдиктерди берүү системасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 "Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" жарлыгына ылайык, КРдин өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердигин жөнгө салуучу нормативдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндөгү" токтомунун, КРдин Илим жана жаштар саясаты министирлигинин 27.10.2005 №709/1 "Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде келишимдик негизде окуган студенттердин окуу төлөмүнөн жеңилдиктерди берүү боюнча бирдиктүү жолдор жөнүндөгү сунуштарды бекитүү жөнүндө" буйруктары менен бекитилген Ош мамлекеттик университетинин жобосунун негизинде жүргүзүлөт.

1.3. Социалдык жардам Ош мамлекеттик университетинин факультеттеринде (бакалавр үчүн гана), колледждеринде күндүзгү окуу бөлүмүндө гана окуган студенттерге, мектептеринде, гимназияларында окуган айрым категорияларындагы окуучуларга окуу төлөмүнө жеңилдиктерди берүү үчүн түзүлгөн атайын комиссиянын чечиминин негизинде ректордун буйругу менен берилет.

1.4. Университет боюнча жеңилдиктердин саны, көлөмү ректор жана тиешелүү структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери менен биргеликте университеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн, студенттин жана анын ата-энесинин (мыйзамдуу) материалдык абалын эске алуу менен аныкталат.

1.5. Каржы булагы демөөрчүлүк жана гуманитардык жардамдар аркылуу, гранттык бюджеттен сырткары атайын каражаттардын эсебинен: а) илим-изилдөөдөн, б)

басмаканадан, в) өндүрүштүк соода-сатык ишмердигинен, г) келишимдик негизде окуган чет өлкөлүк студенттердин окуу төлөмүнөн түшкөн каражаттардын эсебинен болот.

1.6. Университетте окуган төмөнкү категориядагы окуучуларга, студенттерге жеңилдик берилет:

**1-категория** – ата-энеси жок мектеп окуучусуна, колледждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине 50% га чейин;

**2-категория** – атасы же апасы жок мектеп окуучусуна, колледждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине 15% га чейин;

**3-категория** - КРдин Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 жарлыгына ылайык акысыз билим алуу шарты менен I, II топтогу тубаса майып мектеп окуучусуна, колледждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине 100%.

Тубаса эмес I топтогу майып мектеп окуучусуна, колледждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине 50% га чейин.

**4-категория** – II, III топтогу майып мектеп окуучусуна, колледждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү окуу бөлүмүнүн студентине 25% га чейин;

**5-категория** – бир үй-бүлөдөн 3 же андан көп бир тууган ОшМУда мектепте, бакалавр баскычынын, колледждин күндүзгү окуу бөлүмүндө окуса, алардын бирөөсүнө 50% га чейин же ар бирине 50% дын тиешелүү үлүшүндө (3 бала окуса ар бирине 17%, 4 бала окуса ар бирине 12,5%, ж.б.у.с.);

**6-категория** – ата-энеси ОшМУда иштесе жана эки же андан көп баласы ОшМУнун мектебинде, колледжинде, бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүндө окуса (ата-энесинин каржы булактары жөнүндөгү маалыматтын негизинде ар бир жанга кирешеси КРдин Улуттук статистикалык комитети тарабынан өткөн календардык жыл үчүн эсептелген жашоонун минималдык чегинен ашпаса гана) 50% га чейин же алардын ар бирине 50% дын тиешелүү үлүшүндө (2 бала окуса ар бирине 25%, 3 баласы окуса ар бирине 17%);

**7-категория** – атасы же энеси I, II, топтогу майып мектеп окуучусуна, коллеждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине 15%га чейин;

**8-категория** – каралып жатканга чейинки акыркы окуу жыл ичинде олимпиадалык жана улуттук спорттун түрлөрү боюнча мелдештерде байгелүү орунду жекече ээлегендиги үчүн жеңилдиктер:

КРнын чемпионатында 1-орун үчүн 50%, 2-орун үчүн 35%, 3-орун үчүн 25%.
Азиялык чемпионатта 1-орун үчүн 100%, 2-орун үчүн 75%, 3-орун үчүн 50%.
Дүйнөлүк чемпионаттарда, студенттик универсиадада 1-2-3 -орун үчүн 100%.

Олимпиадалык жана улуттук спорттун түрлөрү боюнча эл аралык жана лицензиялык мелдештерде (4 мамлекеттен кем эмес катышкан болуусу керек) байгелүү орунду жекече ээлегендиги үчүн жеңилдиктер: 1-орун үчүн 75%, 2-орун үчүн 50%, 3-орун үчүн 30%.

Ал эми спорттун тайпалык түрлөрү боюнча кесипкөй клубдар аралык чемпионаттарда, универсиадаларда жана башка официалдуу мелдештерде ОшМУнун курама командасында КРдин чемпиону болгон команданын ар бир мүчөсүнө 50% дан, 2-орун үчүн 35%дан, 3-орун үчүн 25%дан жеңилдик берилет, ошондой эле, Азия чемпионаттарында 1-орун үчүн 75%дан, 2-орун үчүн 60%дан, 3-орун үчүн 45%дан, дүйнөлүк же континенталдык мелдештерде 1-орун үчүн 100%дан, 2-орун үчүн 75%дан, 3-орун үчүн 50%дан жеңилдик берилет.

Спорттун олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча Азия жана дүйнө чемпионаттарында 1-орун үчүн 50%, 2-орун үчүн 35%, 3-орун үчүн 25% жеңилдик берилет.

1.7. Бул категорияларда каралбаган шарттарда женилдик алуу боюнча арыз берген студенттерге жеңилдиктер ректордун жеке кароосунун негизинде аныкталат.
1.8. Жеңилдик берүү боюнча комиссиянын курамына тиешелүү проректор, тиешелүү департаменттин директору, юрист, каржы комитетинен, студенттик уюмдардан өкүлдөр киришет. Комиссиянын курамы ректордун буйругу менен бекитилет.
1.9. Окуу жыл ичиндеги Өкмөттүн, министрликтин түрдүү шарттарга, талаптарга ылайык берилген буйругуна жараша комиссиянын чечими менен жеңилдиктер берилиши мүмкүн.

## II. Жеңилдик берүүнүн тартиби.

2.1. Контрактык төлөмдөн жеңилдик берүү бир окуу жылы үчүн гана аныкталат, ошондуктан жеңилдик алгандардын тизмеси жыл сайын жаңыланып турат.

2.2. Контракттык төлөмдөрдөн жеңилдик алууну каалоочулар бир окуу жылы үчүн бир гана жолу арыз менен кайрыла алышат, алар ОшМУнун ректорунун атына жеңилдик алуунун себеби көрсөтүлгөн (тиешелүү документтер тиркелген) арызын жаңы окуу жылынын 20-октябрына чейин тапшырышы зарыл.

2.3. Жеңилдик берүү боюнча түзүлгөн комиссия бир жылда эки жолу, окуу жылдын сентябрь айынан октябрь айынын аягына чейин түшкөн арыздарды ноябрь айында карайт. Ал эми декабрь, январь, февларь айларында түшкөн арыздарды март айында карайт. Комиссиянын чечими протоколдоштурулат. Протоколдо берилүүчү жеңилдиктин көлөмү жана анын негизи көрсөтүлөт же берилбей калгандыгы жөнүндө түшүндүрмө берилет.

2.4. Берилген жеңилдиктер атайын түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашылып, ректордун буйругу менен бекитилет.
**Эскертүү:** Ординатура, аспирантура, магистратура жана сырттан окугандар үчүн жеңилдиктер каралбайт.

## III. Жеңилдик алуу үчүн тапшырылуучу документтер

3.1.1-категория үчүн:
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- паспорттун көчүрмөсү;
- ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- окугандыгы тууралуу маалым кат.

3.2. 2-категория үчүн:
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- паспорттун көчүрмөсү;

- атасынын же апасынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- окугандыгы тууралуу маалым кат;

3.3. 3-4-категориялар үчүн:

- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн, паспорттун көчүрмөсү;
- эмгекке жөндөмсүздүгү тууралуу МСЭКтин корутундусунун көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- пенсиялык күбөлүк.
- окугандыгы тууралуу маалым кат;

3.4. 5-категория үчүн:

- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- 3 студенттин туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- 3 студенттин паспортунун көчүрмөсү;
- 3 студенттин окугандыгы тууралуу маалым каты;
- ата-энесинин ID паспортунун көчүрмөсү.

3.5. 6-категория үчүн:

- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- окугандыгы тууралуу маалым кат;
- атасынын/апасынын ОшМУда иштегендигин тастыктоочу кадрлар бөлүмүнөн маалым кат;
- ата-энесинин эмгек маянасынын жылдык кирешесинин суммасы (эсептөө бөлүмүнөн);
- үй бүлөлүк курамы жөнүндө аныктама;
- атасынын/апасынын ID паспортунун көчүрмөсү;

3.6. 7-категория үчүн:

- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- атасынын/апасынын майыптыгы тууралууу МСЭКтин корутундусунун көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- атасынын/апасынын ID паспортунун көчүрмөсү;
- атасынын/апасынын пенсиялык күбөлүктүн көчүрмөсү.
- окугандыгы тууралуу маалым кат;

3.7. 8-категория үчүн:

- факультеттен декандын билдирүүсү;
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- окугандыгы тууралуу маалым кат;
- паспорттун көчүрмөсү;
- жеңишке жетишкендиги тууралуу диплом, сертификаттын көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);

Бардык документтердин түп нускасы жана нотариалдык көчүрмөсү көрсөтүлөт, түп нускасы арыз ээсине кайтарылып берилет, ал эми көчүрмөсү документине тиркелет, документтер өздүк делого салынып келүүсү зарыл.

| | | |
|---|---|---|
| Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор | | М.С. Шарипова |
| Инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор | | К.К. Токторов |
| Пландоо-финансылык бөлүмүнүн начальниги | | Д.Ш. Курбанбаева |
| Юрист | | Ж.А. Айдарбекова. |

30.09.2023